БАНК БААЛУУЛУГУ

# Кыргыз тыйындары аукционго коюлат

**Улуттук банк (УБ) быйыл да адаттагыдай эгемендүүлүк күнүнө карата коллекциялык үч башка аталыштагы 3 күмүш жана 2 жез-никель тыйындарын чыгарат. Бул тууралуу УБнын нак акчалар башкармалыгынын эксперттик бөлүмүнүн башчысы Алексей Фалеев жума башында билдирди.**



Анын айтымында, ал тыйындар “Кыргызстан кызыл китеби” сериясынан үкүнүн сүрөтү менен, “Кыргызстан тарыхый эстелиги” сериясынан Манастын күмбөзү менен жана “Кыргызстан тарыхый инсандары” сериясынан Барсбектин сүрөтү менен чыгат. Ошондой эле УБ 2015-жылы мындай тыйындардын үч түрүн чыгарууну пландаштырып жатыптыр. Аларга “Кыргызстан кызыл китеби” сериясынан тоодактын сүрөтү менен, “Кыргызстан тарыхый эстеликтери” сериясынан “Тамга Таш” комплексинин сүрөтү менен жана Улуу Жеңиштин 70 жылдыгына арналган тыйындар кирет.



“Кыргызстандын коллекциялык тыйындары УБ тарабынан жарыяланган ачык тендерди утуп алган белгилүү тыйын чыгаруучу сарайларда жасалат. Алардын катарына Литва, Казакстан, Англия, Польша, Словакия сыяктуу өлкөлөрдүн тыйын жасоочу сарайлары кирет. А тыйындардын өздүк наркы эл аралык биржалардагы алтын, күмүштүн баасына жараша жана тыйын чыгарууга кеткен бардык чыгымдарды эсептөө менен коюлат. Эң негизгиси коллекциялык тыйындарды келечекке салынган инвестиция катары карасак болот. Анткени мындай тыйындар чектелүү санда гана чыгып, УБнын кассасында түгөнгөн күндөн тарта эки-үч эсеге кымбаттайт. Мисалы, 1995-жылы чыккан “Манас 1000” тыйыны ошол кезде 3 миң сом болсо, азыр 800 доллар турат. Тактап айтканда, он эсеге кымбаттады. Бизди кубантканы, кыргыз коллекциялык тыйындары чет өлкөлөрдө да бааланып, акырындык менен биздин коллекциялык тыйын рыногубуз да өнүгө баштады. Айрым кыргызстандык коллекционерлер мен бул тыйындарды өзүмө, балдарыма эмес, неберелериме чогултуп жатам дешет. Мунун өзү коллекциялык алтын, күмүш тыйындар узак жылдарда түшүмүн бере турган инвестиция экенин айтып турат” дейт А.Фалеев.

Экспертке улай Улуттук банктын нак акчалар башкармалыгынын кассалык операциялар бөлүмүнүн башкы экономисти Салтанат Аубакирова 7-май күнү Бишкекте алтын, күмүш коллекциялык тыйындарынын аукциону өтөрүн кабарлады. “Улуттук банк улуттук валюта киргизилген жылдан тарта ар жылы май айында коллекциялык нумизматикалык тыйындар аукционун өткөрүп келе жатат. Тыйындар чыгарылганда банк башкармалыгы алардын тиешелүү бөлүгүн банк резервине калтырып, 80 пайызга жакынын сатыкка чыгарат. Быйыл да Улуттук банкта мурда сатылган, бирок учурда банк кассасында жок тыйындардын аукционун өткөргөнү жатат. Аукцион улуттук Г.Айтиев атындагы сүрөт искусствосу музейинде өтөт. Ага юридикалык жана жеке адамдардын бардыгы күрөө койбой эле катыша алышат. Сатыкка 10 аталыштагы Улуттук банктын кассасында жок бир алтын, калганы күмүш тыйындар коюлат. Жалпысынан 25 даана тыйын аукционго коюлмакчы. Бул тыйындардын баалуулугу алардын бетинде кыргыз тарыхы, маданияты, тарыхый улуу инсандары жана кыргыз акчасынын, эгемендүүлүгүнүн белгилери түбөлүккө сакталып калгандыгы” дейт Улуттук банк өкүлү Салтанат Аубакирова.



**Мелис СОВЕТ уулу**